КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА

# Микрофинансылык сектордогу баанын түптөлүшү

**Микрофинансылоо сектору акыркы үч жыл аралыгында динамикалуу темп менен өнүктү жана ал учурда өлкөнүн финансы секторунун негизги бөлүгүн ээлейт. Микрофинансылык мекемелердин (МФМ) кызматын 440 миң кредит алуучу пайдаланат. Бул республика калкынын 8 пайызын түзөт жана КМШ өлкөлөрүнүн ичинен эң чоң көрсөткүч болуп эсептелет. Микрофинансылоонун өсүшү менен бирге эле республикада кредит алуучулардын укуктарын коргоо менен алардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуунун маанилүүлүгү да өсүп барат. Улуттук Банктын Тышкы көзөмөл башкармалыгынын банктык эмес финансы-кредиттик мекемелерине тышкы көзөмөл жүргүзүү бөлүмүнүн жетектөөчү инспектору Мирбек Искандаров микрофинансылоо сектору тууралуу буларды айтып берди.**



– Өткөн жылдары микрофинансылоо секторун өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлүп, микрофинансылоо рыногунун айрым катышуучулары тарабынан жогорку пайыздык чендер (ставка) коюлган. Буга кредитке карата суроо-талаптын жогорулугу менен калктын финансылык сабаттуулугунун төмөндүгү себеп болгон. Андыктан микрофинансылык рынокту жөнгө салуучу катары Улуттук банк тарабынан МФМтерге пайыздык өлчөмдөрдү төмөндөтүү жана кардарларды ашыкча карыз кылууну токтотуу боюнча белгилүү бир талаптар бекитилген. Ашыкча кредит берүү же ашыкча карыз кылуу – бул кредит алган адамдын финансылык акыбалынан улам алган кредитин төлөй албай калуусуна алып келип жатат. Анткен менен ашыкча кредит берүү бир нече факторлордон көз каранды:

1. Бир нече финансы-кредиттик мекемелердеги (ФКМ) көптөгөн же туташ кредиттер;
2. Өздүк бюджетти башкара албоо (финансылык агымдар-киреше, чыгаша);
3. Чыгымдарды көбөйтүү, анын ичинде колго тийген кирешенин чыныгы даражасындагы милдеттемелерди тейлөө.

Улуттук банк тарабынан КР “Микрофинансылык уюмдар жөнүндө”, “Кредиттик бирикмелер жөнүндө” жана “Чет өлкөлүк валютадагы операциялар жөнүндө” мыйзамына өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү мыйзам долбоорунун алкагында микрофинансылык кызмат пайдалануучулардын укуктарын коргоого багытталган өзгөртүү, толуктоолор сунушталган. Тактап айтканда, микрофинансылык мекемелерди пайыздын бир жылдык эффективдүү өлчөмү тууралуу маалыматты жана микрокредиттин абсолюттук маанисиндеги толук баасын ачыкка чыгарууга, пайыздарды азая турган калдыктарга гана коюп, көлөмү берилген кредит суммасынын 20 пайызынан ашкан айып пулдарды (туумдар) салбоого милдеттендирген статьялар киргизилген. Ошондой эле аталган мыйзам долбоорунда индекстештирилген (көбөйтүлгөн) кредиттерди берүүгө тыюу салуу жана кредиттерди мөөнөтүнөн эрте жабууну айыптык санкцияларысыз жүргүзүү каралган.



Микрофинансылык сектордогу тобокелчиликтерди азайтуу жана финансы секторундагы микрофинансылык рыноктун инфраструктурасын өнүктүрүү максатында Улуттук банк IFCнин техникалык колдоосу астында “Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө” мыйзам долбоорун иштеп чыккан. Ал мыйзамды Жогорку Кеңеш тарабынан 2014-жылдын 23-октябрында кабыл алынып, ага 23-ноябрда КР Президенти кол койгон. Бул мыйзам долбоорунда бардык финансы-кредиттик мекемелердин кредиттик бюролорго маалыматтарды милдеттүү түрдө берүүлөрү каралган. Мунун өзү финансылык ресурстарга жетүүнү жакшыртууга, ашыкча кредит алууну азайтууга, кредит кайтарымынын көбөйүшүнөн улам кредит берүү көлөмүнүн өсүшүнө жана финансылык тартиптин бекемделишине шарт түзөт.

Мыйзамга ылайык, МФМ кызматынын негизги максаты жакырчылыкты жоюуга көмөктөшүү үчүн микрофинансылоо боюнча жеткиликтүү кызматтарды калкка сунуштоо, жумуштуулук деңгээлин жогорулатуу жана Кыргызстандагы ишкерликти өнүктүрүүгө жардам берүү. Бул максатты аткарыш үчүн кредиттер боюнча пайыздык өлчөмдөрдү бекитүүдө МФМ төмөнкү компоненттерди эске алат: тартылган каражаттын баасы, операциялык чыгымдар, потенциалдык жоготуу менен чыгашаларды жабууга резерв түзүү чыгымдары, салыктар, инфляция, кирешенин пландык нормалары жана башкалар. Бул компоненттерди эске алганда сунушталган кредиттин пайыздык өлчөмү өзгөрүлмө жана ал максаттуу чектөөдөн, кредит берүү тармагынан, кредит берүү ыкмалары, мөөнөттөрүнөн жана кредиттин дагы башка шарттарынан көз каранды.

2013-жылдын июнь айынан тарта Улуттук банк тарабынан МФМге МФМ көрсөткөн ар кандай кызматтардын баасын түзө турган процессти жөнгө салуучу баа коюу стратегиясын аныктоого жана кредиттик иш-аракетти жүзөгө ашыруу алкагында ал кызматтардын рыноктук маданияттын өзгөрүүсүнө ылайык өзгөрүшүн, тактап айтканда, микрофинансылык кызматтарга болгон суроо-талап анализин камтыган, кредиттер, депозиттер жана башка кызматтар боюнча пайыздык чендер калыптанган компоненттерди ачууга багытталган баа түзүү саясатын иштеп чыгуу талабы коюлган.

Мындан сырткары, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы сүткорлукту чектөө жөнүндө” мыйзамынын 6-беренесин аткаруу максатында финансы-кредиттик мекемелердеги кредиттер боюнча пайыздык чендин мүмкүн болгон деңгээлин аныктоо үчүн кредиттер боюнча теңсалмактагы пайыздык ченди эсептеп чыгуу методикасы иштелип чыккан.

Теңсалмактанган пайыздык ченди эсептеп чыгуу үчүн Улуттук банк көзөмөлдөгөн жана лицензия берген Финансы-кредиттик уюмдар (коммерциялык банктар, микрофинансылык мекемелер жана кредиттик бирикмелер) сунуштаган квартал аягындагы кредит калдыктарынын улуттук жана чет өлкөлүк валютадагы пайыздык өлчөмдөрү тууралуу отчеттук маалыматтар колдонулат. Пайыздык чендин болушунча мүмкүн болгон деңгээл өлчөмү Улуттук банк аныктаган Финансы-кредиттик уюмдардын теңсалмактанган пайыздык өлчөмүнө 15 базистик пункттарды кошуу жолу менен эсептелет.

**Мелис СОВЕТ уулу**

ЗАМАНБАП КАДАМ

# Виртуалдык окуу ыкмасы жакшыбы?









**Техника өнүккөн сайын мектептерде, ЖОЖдордо, дегеле күнүмдүк ишибизде да интернет колдонуп калдык. Жакында Кыргызстанда биринчи жолу Бишкек шаарындагы Арча-Бешик конушунда жайгашкан №93 орто мектепте “акылдуу класс” деген аталышта виртуалдык окуу ыкмасы ишке ашты. Мындай виртуалдык окуу ыкмасы Казакстанда эки, Өзбекстанда бир мектепте ачылыптыр.**

**№93 мектептин директору Гүлжамал МАДАМИЛОВА эмне себептен ушул мектеп тандалганын кыскача түшүндүрүп берди:**

- Бул ыкма менен окутууга атайын сынак деле болгон эмес. Кыргызстанда ушундай интернет мектеп ачуу үчүн мэриядан белгилүү бир фирма менен сүйлөшүлүптүр. Кандай критерийдин негизинде биздин мектепте ачылып калды билбейм, бирок бизде мугалимдердин кесиптик деңгээли абдан жогору. Жыл сайын мугалимдердин арасынан “Жылдын мыкты мугалими” наамына ээ болгондор бар. Ачылганыбызга беш жыл болду, ушунча жылдын ичинде окуучуларыбыз да олимпиада, сынактарга катышып алдыңкы орундарга жетишип жүрүшөт.

**“Акылдуу класста” сабак окутуп жаткан физика сабагынын мугалими Замира ӨМҮРАЛИЕВА:**

## “МУГАЛИМДЕР ЭМИ БААРЫН КӨЗӨМӨЛДӨЙ АЛАТ”

- Планшеттер менен сабак өтүү окуучулар жана мугалимдер үчүн абдан ыңгайлуу экен. Мисалы, ар бир окуучуда жана мугалимде бирден планшет болот. Андан тышкары ошондой эле чоң планшет доскада илинип турат. Мугалим ошол планшетке кирип бир нече сабактарды өтүүгө ыңгайлуу. Мисалы, мен физиканы өтөм. Сабактарды, пландарды папкага киргизип, планшетке даярдап коебуз. Мурда биз үй тапшырманы беш-алты баладан гана сурап жетишчүбүз. А бул планшеттен жалпы окуучуларды бир эле убакта баалап, алардын даярданып келген-келбегенин текшерип, убакытты үнөмдөсөк болот экен.

**- Балдар тапшырмасын кантип аткарып келишет?**

- Биз аларга тапшырма берип, варианттарын белгилеп коебуз. Туура жооптору мугалимдин гана планшетинде болот. Ал эми окуучу суроолорго тесттер менен жооп берип, интернет аркылуу жөнөтүп жиберсе ким туура же туура эмес чыгарганы доскадагы чоң планшеттен көрүнүп калат. Кээ бир предметтен көргөзмө куралдар, приборлор жетишпейт. Ошол учурда биз интернеттен алып чыгып, түшүнүктүү болуш үчүн окуучуларга видео көргөзгөнгө мүмкүнчүлүктөр бар.

**- Бул куралдарды окуучулардын ата-энелери сатып бериштиби же мектеп өзү камсыздадыбы?**

- Планшеттер мэриядан белгилүү бир компания тарабынан бизге бекер берилди. Бул ыкма менен жалаң эле жогорку класстын окуучулары эмес, баштапкы класстын окуучуларына да сабак өтсө болот экен. Эгер ар бир мектепте ушундай мүмкүнчүлүктөр түзүлсө окуучулардын билим сапаты жогоруламак деп ойлойм. Ар бир окуучунун ата-энеси интернеттеги биздин мектептин сайтына кирип балдары канча баа алып жатканын, сабакка келген-келбегенин да билсе болот. Эгер окуучу сабакка келбей калса интернетти ачып даярданса болот.

**- Бул жердеги балдар планшеттен социалдык желелерге кирип агент же башка жактагылар менен сүйлөшүп, ойноп отура беришпейби?**

- Мугалимдин планшети ар бир окуучудагы планшетти көзөмөлгө алып турат. Кайсы китепти окуш керек болсо, ошол предметти ачсам планшеттен балдар ошону гана көрүшөт. Окуучулар уруксат берилген нерселерде гана иштейт, андан башкага кире албайт. Эгер окуучу сабактан тышкары башка нерселерди жазып же ойноп отурса мугалим ал баланын эмне менен алектенип жатканын планшеттен эле билип коет.

**Жанара ИЛИЯЗОВА, 9-класстын окуучусу:**



- Бизге планшет менен окуу ыкмасы абдан жакты. Техниканын заманы өнүккөндүктөн бизге кыйынчылык деле туудурган жок, окуучулар тез эле үйрөнүп кеттик. Азыр биздин сабакка кызыгуубуз артты. Бул жерден сабактарды оңой окусак болот экен. Башка сабактардан деле текшерүү иш, дил баяндарды жазып, планшет менен иштөөнү кичинекей класстарга дагы үйрөтүп жатабыз.

**Назгүл КАЛМАМБЕТОВА, сүрөттөр автордуку**